КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## № 2/2015

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары

**Редакциялык коллегия:**
Төрайым: Садыркулова А.М.
Коллегия мүчөлөрү: Султанов М.С.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Жооптуу катчы: Абдиева К.Т.

**Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Юридикалык бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 45 66 41 телефону
факс: (996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу** - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «Триада-принт» басма борборунда даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 199-46.
2015-жылдын 30-мартында басууга кол коюлган.
2015-жылдын 3-апрелинде басылган.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2015-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

# Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики

**Редакционная коллегия:**
Председатель: Садыркулова А.М.
Члены коллегии: Султанов М.С.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Ответственный секретарь: Абдиева К.Т.

**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридический отдел:
телефон: (996 312) 45 66 41
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел внешних и общественных связей:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики. Предположительная периодичность издания журнала - один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Триада-принт».
г. Бишкек, ул.Тыныстанова, 199-46.
Подписано в печать 30 марта 2015 г.
Отпечатано 3 апреля 2015 г.
Тираж 100 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2015 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

## *Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары*

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Басылма Улуттук банктын өткөн жылдагы иши боюнча толук отчету болуп саналат. Ал Республиканын экономикалык өнүгүшү, Улуттук банктын акчакредит саясаты, финансылык отчету жөнүндө кыскача маалыматтарды, Улуттук банктын ишине тиешелүү жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын экономикасына негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана анын секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы сектордун өнүгүшүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат. Тиркемелеринде төлөм теңдеминин нейтралдуу формасы, тышкы соода түзүмү, эларалык камдар (резервдер) тышкы карыз боюнча маалыматтарды камтыган таблицалар келтирилген. Чейрек сайын - январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Басылмада республикада жана анын региондорунда керектөө бааларынын динамикасы, инфляциянын негизги факторлорун анализдөөлөр, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтар камтылып, кийинки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банкта жана бүтүндөй банк тутумунда бир апта ичинде болуп өткөн жаңылыктарды, Улуттук банктын ыкчам маалыматтарын, финансы рыногу боюнча аналитикалык материалдарды жана жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет***

Басылма Кыргыз Республикасынын финансы системасынын учурдагы абалын экономиканын башка секторлору өз ара байланышта кароого арынышы боюнча аналитикалык маалыматты камтыйт. Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө коомчулукка маалымдайт. Алты айда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

## Издания Национального банка Кыргызской Республики

***Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики***

Издание является полным отчетом Национального банка за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность Национального банка, общие сведения о НБКР, статические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики***

Информационное издание содержит статические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Платежный баланс Кыргызской Республики***

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает последние тенденции в развитии внешнего сектора. В приложениях приводятся таблицы с данными по нейтральной форме платежного баланса, структуре внешней торговли, международным резервам, внешнему долгу. Выпускается ежеквартально - в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

***Обзор инфляции в Кыргызской Республике***

Издание содержит описание динамики потребительских цен в республике и ее регионах, анализ основных факторов инфляции, информацию о решениях Национального банка Кыргызской Республики в области денежно-кредитной политики и представляет прогноз инфляции на предстоящий период. Публикуется ежеквартально на кыргызском, русском и английском языках.

***Пресс-релиз Национального банка Кыргызской Республики***

«Пресс-релиз НБКР» содержит хронику событий, происходящих в Национаном банке и банковской системе в целом, оперативную информацию НБКР за неделю, аналитические материалы по финансовому рынку и другую информацию к сведению СМИ (средства массовой информации), юридических и физических лиц. Публикуется еженедельно на русском и кыргызском языках.

***Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики***

Издание содержит аналитическую информацию о текущем положении финансовой системы Кыргызской Республики во взаимосвязи с другими секторами экономики. Информирование общественности о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики. Выпускается 1 раз в 6 месяцев на трех языках: кыргызском, русском и английском.

## МАЗМУНУ

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/8 «Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 14-ноябрындагы № 48/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилүүчү лицензияга төлөм өлчөмү жөнүндө» токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу» токтому....................8

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/11 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө жөнүндө» нускоо тууралуу» токтому....................10

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/12 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелерин бекитүү тууралуу» токтому....................19

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/13 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтын жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтому........25

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 4-мартындагы № 14/1 «Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 25-февралындагы № 13/11 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө жөнүндө» нускоо тууралуу» токтомуна толуктоо киргизүү жөнүндө» токтому....................34

6. Редакциялык тактоолор....................36

## СОДЕРЖАНИЕ

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении дополнений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О размере платы за лицензии, выдаваемые Национальным банком Кыргызской Республики» от 14 ноября 2007 года № 48/7» от 25 февраля 2015 года № 13/8....................39

2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об Инструкции по установлению Национальным банком Кыргызской Республики цены продажи и цены обратного выкупа аффинированных мерных слитков из золота и серебра», эмитированных Национальным банком Кыргызской Республики» от 25 февраля 2015 года № 13/11....................41

3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Правил продажи и обратного выкупа Национальным банком Кыргызской Республики аффинированных мерных слитков из золота и серебра», эмитированных Национальным банком Кыргызской Республики» от 25 февраля 2015 года № 13/12....................50

4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Инструкции по проведению экспертизы аффинированных мерных слитков из золота и серебра, эмитированных Национальным банком Кыргызской Республики» от 25 февраля 2015 года № 13/13....................56

5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении дополнения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об Инструкции по установлению Национальным банком Кыргызской Республики цены продажи и цены обратного выкупа аффинированных мерных слитков из золота и серебра, эмитированных Национальным банком Кыргызской Республики» от 25 февраля 2015 года № 13/11» от 4 марта 2015 года № 14/1....................65

6. Редакционные уточнения....................67

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ | ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

## ТОКТОМ

**Бишкек ш., Т. Үметалиев көч., 101**
**2015-ж., 25-февралындагы № 13/8**

### Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 14-ноябрындагы № 48/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилүүчү лицензияга төлөм өлчөмү жөнүндө» токтомуна толуктоолорду киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасындагы «Кыргыз Республикасында лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө» мыйзам талабын аткаруу максатында жана «Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө» мыйзамдын 13-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын 43-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 14-ноябрындагы № 48/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилүүчү лицензияга төлөм өлчөмү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр бекитилсин:

-1-пункт төмөнкү мазмундагы 9, 10 абзацтар менен толукталсын:

– «маалымат технологияларына жана электрондук каражаттарга, төлөмдөрдү ишке ашыруу ыкмаларына негизделген төлөм системалары аркылуу өзүнүн ишинин натыйжасы болуп саналбаган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү үчүнчү жактардын пайдасына кабыл алуу жана эсептерди жүргүзүү боюнча кызматтарды сунуштоо үчүн - эсептик көрсөткүчтүн он эселенген өлчөмүндө;

– бул процессингдик, клирингдик борбордун төлөм тутумунун катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептери боюнча каржылык маалыматты (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштетүү жана берүү боюнча кызматтарды көрсөтүү- эсептик көрсөткүчтүн он эселенген өлчөмүндө.».

2. Юридика башкармалыгы:

– бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

– расмий жарыялангандан кийин бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Төлөм системалары башкармалыгы ушул токтом менен Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

4. Токтом расмий жарыялангандан он беш календардык күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Б.Ж.Жеенбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ | ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Т. Үметалиев көч., 101**
**2015-ж., 25-февралындагы № 13/11**

## «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө жөнүндө» нускоо тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кабыл алат:

1. Кароого сунушталган «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө жөнүндө» нускоо (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

– бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;
– расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы Банк ишин автоматташтыруу башкармалыгы менен бирдикте өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларынын котировкаларынын Улуттук банктын расмий сайтында өз убагында жайгаштырылышын камсыздашсын.

5. Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы ушул токтом менен Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Б.Ж.Жеенбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2015-жылдын 25-февралындагы**
**№ 13/11 токтомуна карата тиркеме**

# «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтын жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө жөнүндө» нускоо

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул нускоо «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга, Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 19-ноябрындагы № 51/8 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында банктык баалуу металлдар рыногун калыптандыруу жана өнүктүрүү концепциясына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

2. Нускоодо, Улуттук банк өлчөнгөн куймаларды сатып өткөрүү жана кайра сатып алуу операцияларын жүзөгө ашырууда ал тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларга (мындан ары – өлчөнгөн куймалар) баа белгилөө тартиби аныкталат.

3. Өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу баасы Улуттук банк тарабынан күн сайын Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында (сом) Баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясынын (LBMA) мурунку жумуш күнүндөгү кечки фиксингинин негизинде белгиленет.

4. Улуттук банк тарабынан өлчөнгөн куймалардын сатуу жана кайра сатып алуу баасын эсептөө жана белгилөө ар бир куйманын түрүнө (салмагына) жараша өз-өзүнчө жүргүзүлөт.

5. Өлчөнгөн куймалардын сатуу жана кайра сатып алуу баасы Улуттук банктын расмий сайтынын башкы баракчасында жарыяланып турат.

## 2. Негизги түшүнүктөр жана кыскартуулар

6. Нускоодо төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

1) баалуу металлдар – бул:
– стандарттуу жана өлчөнгөн куйма түрүндөгү алтын;
– стандарттуу жана өлчөнгөн куйма түрүндөгү күмүш.

2) аффинаждалган өлчөнгөн куймалар – Улуттук банк тарабынан эмитирленген (чыгарылган) салмагы 1000 граммды түзгөн же ага жетпеген, алтын куйманын лигатурдук салмагынын кеминде 99,95 - 99,99%, ал эми күмүш куйманын лигатурдук салмагынын кеминде 99,90%

химиялык таза металл түзгөн, алтындан жана/же күмүштөн даярдалган, маркировка басылган куймалар.

3) бир трой унциясы – 31,1035 граммды түзгөн салмак чени.

4) фиксинг – эл аралык баалуу металлдар рыногунда алтындын (күмүштүн) бир трой унциясынын тең салмактанган баасы. Ал боюнча Баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясынын (LBMA) фиксингине катышуучулары тарабынан тооруктарды жүргүзүү учурунда аталган ассоциациянын (LBMA) эрежелерине ылайык, алтынга (күмүшкө) карата калыптанган мындай баалуу металлдарды сатып алуучулардын бардык билдирмелери канааттандырылат.

5) Баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясы (LBMA) – 1987-жылы Англия Банкынын колдоосу астында баалуу металлдар рыногунун дүйнө жүзү боюнча алдыңкы банк-операторлор тарабынан түзүлгөн жана баалуу металлдар менен соода жүргүзүү маселелери боюнча дүйнөнүн ири коммерциялык эмес уюм болуп саналат.

## 3. Өлчөнгөн куймаларды сатуу баасын белгилөө тартиби

7. Өлчөнгөн куймаларды сатуу баасы төмөнкү көрсөткүчтөрдүн негизинде аныкталат:

1) кечки фиксинг боюнча 1 трой унциясы үчүн алтындын (күмүштүн) баасы - LBMA тарабынан мурунку жумуш күнү ичинде АКШ долларында, Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын (сом) АКШ долларына карата расмий курсу боюнча.

2) Өлчөнгөн куйманын салмагы – трой унциясында.

3) Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында (сом) өлчөнгөн куйманын тиешелүү түрүнүн (салмагына) бирдигине карата орточо сарптоолор төмөнкү формула боюнча аныкталат:

Өлчөнгөн куйманын тиешелүү түрүнүн (салмагынын) бирдигине орточо сарптоолор аныкталат:

$$С_{орт} = (С_1 х К_1)+(С_2 х К_2)+\dots+(С_n х К_n) /(К_1+К_2+...+К_n),$$

мында,

$С_{орт}$ – өлчөнгөн куйманын тиешелүү түрүнүн (салмагынын) бирдигине кеткен орточо сарптоо;

$С_1,С_2...С_n$ – эсептешүү күнүнө карата сатып өткөрүлбөгөн, өлчөнгөн куйманын ар бир партиясы боюнча куймалардын тиешелүү түрүнүн (салмагынын) бирдигине кеткен сарптоолор. Өлчөнгөн куймалардын бирдигине кеткен сарптоолордо аларды даярдоого кеткен айкын сарптоолор (металл наркын эске алуусуз), таңычактоого, ташып жеткирүүгө кеткен сарптоолор, камсыздандырууга жана бажы тариздетүүсүнөн өткөрүүгө кеткен чыгашалар камтылат.

$К_1$, $К_2...К_n$ – эсептешүү күнүнө карата сатып өткөрүлбөгөн, өлчөнгөн

куймалардын ар бир партиясы боюнча куймалардын тиешелүү түрүнүн (салмагынын) саны.

4) Улуттук банктын комиссиялык үстөк акысы (пайыздарда) өлчөнгөн куйманын түрүнө (салмагына) жараша төмөнкү өлчөмдөрдө белгиленет.

| Куйманын грамм боюнча салмагы | Комиссиялык үстөк баа, пайыздарда |
|---|---|
| 1,0 | 0,5 |
| 2,0 | 0,4 |
| 5,0 | 0,3 |
| 10,0 | 0,2 |
| 31,1035 | 0,1 |
| 100,0 | 0,1 |

8. Өлчөнгөн куймалардын грамм боюнча салмагы трой унциясында төмөнкү формула боюнча кайрадан эсептелинет:

Куйманын салмагы унцияда = куйманын грамм боюнча салмагы /бир трой унциясы

| Куйманын грамм боюнча салмагы | Бир трой унциясы, грамм боюнча | Куйманын трой унциясында эсептелинген салмагы |
|---|---|---|
| 1,0 | 31,1035 | 0, 032 |
| 2,0 | | 0, 064 |
| 5,0 | | 0,161 |
| 10,0 | | 0,322 |
| 31,1035 | | 1,000 |
| 100,0 | | 3,215 |

9. Өлчөнгөн куймалардын сатуу баасын эсептөө жана аны белгилөө ушул нускоонун 1-тиркемесине ылайык жүргүзүлөт.

10. Тиешелүү түрдөгү өлчөнгөн куйманын бирдигине орточо сарптоолордун мааниси Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгынын начальниги тарабынан бекитилет жана жаңы маанилер бекитилгенге чейин колдонулат.

11. Тиешелүү түрдөгү (салмактагы) өлчөнгөн куйманын бирдигине орточо сарптоолордун жаңы маанилерин эсептөө жана аны белгилөө, өлчөнгөн куймалардын жаңы партиясы даярдалып, алар Улуттук банктын

Камдык фондусунун сактоо жайына түшкөндөн кийин ишке ашырылат.

12. Тиешелүү түрдөгү (салмактагы) өлчөнгөн куймалардын бирдигине орточо сарптоолордун жаңы мааниси эсептөө учурунда Улуттук банктын борбордук аппаратынын жана областтык башкармалыктарынын тескөөсүндө турган ошол түрдөгү куймалардын бардык партияларын эсептөөнүн негизинде аныкталат. Мында, алар үчүн төлөнгөн, бирок сатып алуучуга бериле элек куймалар, ошондой эле Улуттук банктын Борбордук аппаратынын жана областтык башкармалыктарынын кассалары аркылуу сатылып алынган өлчөнгөн куймалар эске алынбайт.

## 4. Өлчөнгөн куймаларды кайра сатып алуу баасын белгилөө тартиби

13. Өлчөнгөн куймаларды кайра сатып алуу баасы төмөнкү көрсөткүчтөрдүн негизинде аныкталат:

1) кечки фиксинг боюнча 1 трой унциясы үчүн алтындын (күмүштүн) баасы - LBMA тарабынан мурунку жумуш күнү ичинде АКШ долларында, Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын (сом) АКШ долларына карата расмий курсу боюнча.

2) Өлчөнгөн куйманын салмагы - трой унциясында.

3) Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында (сом) өлчөнгөн куйманын тиешелүү түрүнүн (салмагына) бирдигине карата орточо сарптоолор (металл наркын эске алуусуз) ушул нускоонун 7-пунктунун 3-пунктчасына ылайык формулада аныкталат.

14. Өлчөнгөн куймаларды кайра сатып алуу баасын эсептөө жана аны белгилөө ушул нускоонун 2-тиркемесине ылайык жүргүзүлөт.

15. Өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларынын маанисин тегеректөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын 2011-жылдын 13-октябрындагы № 631/35/10 «Кыргыз Республикасында нак эсептешүүлөрдү жүргүзүү учурунда тыйын калдыгынын суммасын тегеректөө тартиби жөнүндө» токтомдо каралган тартипте ишке ашырылат.

17. Өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу баасын белгилөө боюнча эсептешүүлөрдүн аткарылышына контролдук Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгынын начальнигине жүктөлөт.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө жөнүндө нускоонун 1-тиркемеси**

## Өлчөнгөн куймалардын 20__-жылдын ________________ карата сатуу баасын эсептөө жана аны белгилөө

| № | Куйманын грамм боюнча салмагы | Металл баасы | | | | Улуттук банктын куйманы даярдоого кеткен орточо сарптоолору (сом, тыйын) | Улуттук банктын комиссиялык үстөк баасыз куйманын баасы (сом, тыйын) | Улуттук банктын комиссиялык үстөк баасы, пайыздарда | Куйманын сатуу баасы (сом, тыйын) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Куйманын салмагы унцияда | 1 унция алтындын (күмүштүн) баасы ________ карата кечки фиксинг ($ түрүндө) | Улуттук банктын ________ карата расмий курсу ($/сом) | Алтындын (күмүштүн) баасы (сом, тыйын) | | | | |
| **А** | **1** | **2=1/31,1035** | **3** | **4** | **5=2*3*4** | **6** | **7 = 5 + 6** | **8** | **9=7*8/100+7** |
| 1 | 1,0 | 0,032 | | | | | | 0,5 | |
| 2 | 2,0 | 0,064 | | | | | | 0,4 | |
| 3 | 5,0 | 0,161 | | | | | | 0,3 | |
| 4 | 10,0 | 0,322 | | | | | | 0,2 | |
| 5 | 31,1035 | 1,000 | | | | | | 0,1 | |
| 6 | 100,0 | 3,215 | | | | | | 0,1 | |

Өлчөнгөн куймалардын сатуу баасын эсептөөдө төмөнкү ыкмалар колдонулат:

1-графа – өлчөнгөн куймалардын салмагы грамм боюнча;

2-графа – өлчөнгөн куймалардын салмагы трой унциясында;

3-графа – LBMA тарабынан мурунку жумуш күнү белгиленген кечки фиксинг боюнча бир унция үчүн баа;

4-графа – Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын АКШ долларына карата расмий курсу;

5-графа – 2-графа * 3-графа * 4-графа;

6-графа – өлчөнгөн куймаларга кеткен, ушул нускоонун 7-пунктунун 3-пунктчасына ылайык эсептелинген сом түрүндө туюндурулган орточо сарптоолор (металл наркын кошпогондо);

7-графа – 5-графа + 6-графа;

8-графа – пайыздарда туюндурулган комиссиялык үстөк баа;

9-графа – 7-графа * 8-графа / 100 + 7-графа;

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу бааларын белгилөө жөнүндө нускоонун 2-тиркемеси**

## Өлчөнгөн куймалардын 20__-жылдын ________________ карата кайра сатып алуу баасын эсептөө жана аны белгилөө

| № | Куйманын грамм боюнча салмагы | Металлдын баасы | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Куйманын салмагы унцияда | 1 унция алтындын (күмүштүн) баасы _______ карата кечки фиксинг ($ түрүндө) | Улуттук банктын _______ карата расмий курсу ($/сом) | Улуттук банктын куйманы даярдоого кеткен орточо сарптоолору (сом, тыйын) | Куйманы сатып алуу баасы (сом, тыйын) |
| **А** | **1** | **2 = 1/ 31,1035** | **3** | **4** | **5** | **6= 2*3*4+5** |
| 1 | 1,0 | 0,032 | | | | |
| 2 | 2,0 | 0,064 | | | | |
| 3 | 5,0 | 0,161 | | | | |
| 4 | 10,0 | 0,322 | | | | |
| 5 | 31,1035 | 1,000 | | | | |
| 6 | 100,0 | 3,215 | | | | |

Өлчөнгөн куймаларынын кайра сатып алуу баасын эсептөөдө эсептөөнүн төмөнкү ыкмасы колдонулат:

1-графа – өлчөнгөн куймалардын салмагы грамм боюнча;

2-графа – өлчөнгөн куймалардын салмагы трой унциясында;

3-графа – LBMA тарабынан мурунку жумуш күнү белгиленген кечки фиксинг боюнча бир унция үчүн баа;

4-графа – Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын АКШ долларына карата расмий курсу;

5-графа – өлчөнгөн куймаларга кеткен, ушул нускоонун 7-пунктунун 3-пунктчасына ылайык эсептелинген сом түрүндө туюндурулган орточо сарптоолор (металл наркын кошпогондо);

6-графа – 2-графа * 3-графа * 4-графа + 5-графа.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Т. Үметалиев көч., 101**
**2015-ж., 25-февралындагы № 13/12**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелерин бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кабыл алат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелери (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

– бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;
– расмий жарыялангандан кийин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн бул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Нак акча менен иш алып баруу башкармалыгы ушул токтом менен Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Б.Ж.Жеенбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т.Абдыгулов**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2015-жылдын 25-февралындагы**
**№ 13/12 токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелери

### 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелери (мындан ары – Ереже) Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына жана Улуттук банктын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

2. Эрежеде Улуттук банк тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды (мындан ары - өлчөнгөн куймалар) жеке адамдарга жана юридикалык жактарга сатуу жана Улуттук банктын аларды кайрадан сатып алуу тартиби аныкталат.

### 2. Алтындан жана күмүштөн даярдалган өлчөнгөн куймаларды сатуу

3. Жеке адамдарга жана юридикалык жактарга өлчөнгөн куймаларды сатуу Улуттук банктын Борбордук жүгүртүү кассасы жана областтык башкармалыктардын жүгүртүү кассалары аркылуу нак же нак эмес формада ишке ашырылат.

4. Өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу баасы Улуттук банк тарабынан белгиленет.

5. Өлчөнгөн куймаларды жеке адамдарга жана юридикалык жактарга сатуу, алардын ким экендигин тастыктаган документтин (паспорту, аскердик билети, аскер кызматчысынын ким экендигин тастыктаган күбөлүгү, ж.б.) негизинде жүзөгө ашырылат.

6. Өлчөнгөн куймаларды сатуу алардын келип чыгышын тастыктаган сертификатты милдеттүү түрдө кошо тиркөө менен ишке ашырылат.

7. Салмагы 100 граммдык өлчөнгөн куймаларды сатуу учурунда жеке адамдын жана юридикалык жактардын көз алдында аларды таразадан өткөрүү ишке ашырылат. Таразалар, иш процессине көз салып турууга мүмкүн болгондой жайгаштырылууга тийиш.

8. Өлчөнгөн куймаларды сатууну-сатып алууну борборлоштуруп эсепке алуу максатында, сатылган куймалар тууралуу маалыматтар ушул

Эрежеге карата 1-тиркемеде белгиленген формага ылайык маалымат базасында чагылдырылууга тийиш.

9. Жеке адамдар жана юридикалык жактар үчүн Улуттук банктын расмий сайтында өлчөнгөн куймаларды нак эмес эсептешүү аркылуу сатуу жөнүндө маалыматтар жайгаштырылат: өлчөнгөн куймалардын бар экендиги, сатуу жана кайра сатып алуу баасы, акча каражаттарын чегерүү үчүн банктык реквизиттер.

10. Нак эмес эсептешүүдө нак акча Улуттук банктын тиешелүү эсебине келип түшкөндөн кийин куймаларды берүү төмөнкүчө ишке ашырылат:

– жеке адамдарга төлөм тапшырмасынын жана алардын ким экендигин тастыктаган документтин негизинде;
– юридикалык жактарга төлөм тапшырмасынын, ишеним каттын жана алардын ким экендигин тастыктаган документтин негизинде.

11. Нак эмес эсептешүү учурунда өлчөнгөн куймаларды берүү Улуттук банктын тиешелүү эсебине акча каражаттары келип түшкөндөн кийинки жумушчу күнүнөн кечиктирбестен ишке ашырылат.

## 3. Алтындан жана күмүштөн даярдалган өлчөнгөн куймаларды кайра сатып алуу

12. Жеке адамдардан жана юридикалык жактардан өлчөнгөн куймаларды кайра сатып алуу Улуттук банктын Борбордук жүгүртүү кассасы жана областтык башкармалыктарынын жүгүртүү кассаларында ишке ашырылат.

13. Өлчөнгөн куймаларды кайра сатып алуу алардын сертификаты болгон шартта гана жүргүзүлөт. Эгерде өлчөнгөн куйманын сертификаты жок болсо же сертификаты айрылып же булганууга дуушар болуп, анын маанисин түшүнүү кыйынчылыкка турса, өлчөнгөн куйма Улуттук банктын кассири тарабынан анын эксперттерине кылдат экспертиза жүргүзүү үчүн жөнөтүлөт.

14. Улуттук банктын Борбордук жүгүртүү кассасы жана областтык башкармалыктарынын жүгүртүү кассалары өлчөнгөн куймаларды кайра сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырууда аларга баштапкы экспертиза жүргүзүү максатында төмөнкү атайы жабдууларды колдонот:

– жарык берүү булагы;
– өз убагында мамлекеттик метрологиялык текшерүүдөн өткөндүгү тууралуу күбөлүккө жана ГОСТ 24104-88Е боюнча кеминде 2-класстагы тактыкка ылайык келген метрологиялык мүнөздөмөлөргө ээ экендиги тууралуу күбөлүк берилген жалпы багытта колдонулуучу тараза;
– портативдик рентгендик – флуоресценттик анализатор;
– жарык бергичи менен чоңойтуп көрсөтүүчү айнек (кеминде 10 эсе чоңойтуп көрсөтүүгө жөндөмдүү).

15. Өлчөнгөн куйманы кабыл алууда Улуттук банктын кассири аны баштапкы экспертизадан өткөрөт. Экспертизанын натыйжалары ушул

Эрежеге карата 1-тиркемеде белгиленген формага ылайык, маалымат базасында чагылдырылат.

16. Салмагы 1, 2, 5, 10 жана 31.1035 граммды түзгөн өлчөнгөн куймаларды баштапкы экспертизадан өткөрүүдө алардын таңычактарынын бүтүндүгү жана кандай металлдан даярдалгандыгы текшерилет.

17. Салмагы 100 граммдык өлчөнгөн куймаларды баштапкы экспертизадан өткөрүүдө, куймадагы химиялык таза баалуу металлдын грамм боюнча аныкталган салмагы жана ал кандай жасалгандыгы текшерүүдөн өткөрүлөт. Таразалар, иш процессине көз салып турууга мүмкүн болгондой жайгаштырылууга тийиш.

18. Баштапкы экспертизанын жүрүшүндө баалуу металлдын талапка ылайыктуулугу тастыкталган шартта, Улуттук банктын кассири өлчөнгөн куйманын Улуттук банк тарабынан эсептелинген сатып алуу наркына барабар сумманы төлөп берет.

19. Эгерде кабыл алынып жаткан өлчөнгөн куйма баштапкы экспертизадан өтпөй калса, Улуттук банктын кассири аны ушул Эрежеге карата 2-тиркемеде белгиленген форма боюнча кылдат экспертизадан өткөрүү тууралуу эки нускада актыны түзөт. Актынын бир нускасы Улуттук банкта калат, ал эми экинчиси куйманы тапшырган жакка берилет.

20. Кабыл алынган өлчөнгөн куйманы кылдат экспертизадан өткөрүүнү Улуттук банктын эксперттери ишке ашырат.

21. Кылдат экспертизанын акырында Улуттук банк өлчөнгөн куйманы кылдат экспертизага кабыл алгандан кийинки он жумуш күнүнөн кечиктирилбеген мөөнөттө экспертизанын корутундусу менен ошол куйманы тапшырган адамды кол койдуруу аркылуу тааныштырат.

22. Кылдат экспертизанын жүрүшүндө баалуу металлдын талапка ылайыктуулугу тастыкталган шартта, Улуттук банктын кассири өлчөнгөн куйманын Улуттук банк тарабынан эсептелинген сатып алуу наркына барабар сумманы төлөп берет.

23. Экспертизанын жүрүшүндө баалуу металлдын талапка ылайык келбегендиги аныкталган шартта, акча каражаты төлөнүп берилбейт, ал эми кабыл алынган куйма укук коргоо органдарына жөнөтүлөт.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелерине карата 1-тиркеме**

Экспертизадан өткөрүү натыйжалары камтылган, сатылган жана кайра сатылып алынган аффинаждалган өлчөнгөн куймалардын маалымат базасы

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Аты-жөнү (жеке адамдын/юридикалык жактын), паспорттундагы же ким экендигин тастыктаган документиндеги маалыматтар | |
| 2. | Баалуу металлдын аталышы | |
| 3. | Өлчөнгөн куйманын жана сертификаттын номери | |
| 4. | Экспертиза өткөрүлгөн күн | |
| 5. | 100 гр. салмагындагы куймалардан тышкары, таңычакта коргоо белгисинин болушу *(атайы жабдууда текшерүү)* | бар/жок |
| 6. | Металлдын жана өлчөнгөн куйманын өзгөчө сапат белгисинин талапка ылайык келиши *(атайы жабдууда текшерүү)* | талапка ылайык келет/ылайык келбейт |
| 7. | Өлчөнгөн куйманы кылдат кароого алуу *(100 г салмактагы куйма үчүн) (куйманын капталы жылмакай экендигин, из түшпөгөндүгүн кылдат кароо)* | |
| 8. | Өлчөнгөн куйма белгисинин талапка ылайык келиши *(тамгалардын жана сандардын оттисктеринин ылайык келиши)* | талапка ылайык келет/ылайык келбейт |
| 9. | Өлчөнгөн куйманын грамм боюнча айкын салмагы *(100 г салмактагы өлчөнгөн куйма үчүн)* | |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтындан жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды сатуу жана кайра сатып алуу эрежелерине карата**
**2-тиркеме**

Өлчөнгөн куйманы толук экспертизадан өткөрүүгө кабыл алуу актысы

________________ *шаары* 20___-жылдын «___» ______

Бул акт, ______________________________________________________
*(Улуттук банктын мекемесинин аталышы)*
касса кызматкери____________________________________тарабынан
*(кассирдин аты-жөнү)*
________ даана сандагы ________________________________ турган,
*(металлы жана өзгөчө сапат белгиси)*
______ грамм салмактагы № _________ сертификатка ээ өлчөнгөн куй-маны (куймаларды) ___________________________________________
*(жеке адамдын аты-жөнү же юридикалык жактын аталышы)*
кабыл алган, анын байланыш телефону ___________________ , дареги
____________________________________________________________.

Улуттук банктын мекемесинин
касса кызматкери

__________________________________ _________________________
*(Улуттук банктын мекемесинин аталышы, кассирдин аты-жөнү)* *кол тамгасы*

Юридикалык жактын (анын өкүлүнүн)
аты-жөнү же аталышы

__________________________________ _________________________
*(жеке адамдын аты-жөнү же юридикалык жактын (анын өкүлүнүн) аталышы* *кол тамгасы*

Экспертиза: _____________________________тарабынан жүргүзүлгөн.
*(экспертизаны жүргүзгөн адамдын аты-жөнү жана кол тамгасы)*

20__ -жылдын «___» ______№ _____ЭКСПЕРТИЗАНЫН КОРУТУНДУСУ:

____________________________________________________________

Экспертизанын корутундусу менен тааныштым: ____________________
*(кардардын аты-жөнү жана кол тамгасы)*

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Бишкек ш., Т. Үметалиев көч., 101**
**2015-ж., 25-февралындагы № 13/13**

## «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан эмитирленген, алтын жана күмүштөн даярдалган аффинаждалган өлчөнгөн куймаларды экспертизадан өткөрүү тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу

